КИТЕП ДҮЙНӨСҮНӨ САЯКАТ

Каныбек Жунушев

# БАЛ КУРСАК



Жунушев Каныбек

# БАЛ КУРСАК



Сүрөтчү
Мидинова Зарема

НООКЕН РАЙОНДУК … БОРДУК
КИТЕП…
Инв. №

Бишкек 2016

УДК 821.51-93
ББК 83.8
Ж 89

**Жунушев Каныбек.**
Ж 89 Бал курсак: Бөбөктөр үчүн ырлар/Сүрөт.: З. Мидинова. – Б.: Кутаалам, 2016. – 24 б., сүр.

ISBN 978-9967-25-176-2

Каныбек Жунушев баланын жан дүйнесүн терең сезген, кичине балдардын ички дүйнөсүн жакшы түшүнгөн жазуучу. Бул шайыр, кызыктуу ырлар баланын айлана-чөйрөгө болгон түшүнүгүн өнүктүрет, айбанаттар аркылуу балдарга боорукерликке жана жаратылышты, айбанаттарды сактоого үндөйт.

Ж 4803300200-08
ISBN 978-9967-25-176-2

УДК 821.51-93
ББК 83.8
© Жунушев К., 2016.
© ЖЧК "Кутаалам", 2016.



# Сыпаа бала

Момпосуйду жей кой деп,
Берсем башын чайкаган...
Ушундай сыпаа баланы,
Кергөндөр барбы байкаган?..





## Бадырак

Кызыл буудай – бадырак,
Оюнга шок, ойго шок.
Чөнтөгүнө балдардын,
Түшсек дешип “ойлошот”.
Кубанышып андыктан,
Тарсалаңдап секирип,
Казанда бийлеп ойношот.



## Дыйкан болом



Өзүме чак тыпыйтып,
Кетмен жасап беришкен.
Талаада кечке жүрсөм да,
Тажабаймын мен иштен.

Көп эле иш бар, мисалы:
Министр, шопур, милийса.
А мен эгин өстүргөн,
Дыйкан болом буюрса.

Балдай ширин коонду,
Айдай кылып кескенде,
Азамат деп макташты,
Алып бирдөн жешкенде.





# Чегиртке

Баарысынан чегиртке,
Балтыры жоон, күчтүү дейт.
"Балт" секирип конгондо,
Калдайган чоң жалбырак,
Калт-калт эте түштү дейт.





# Жаа, жаа жамгырым

Жаа, жаа жаагының,
Жалкоолонбой жамгырым!
Сергип калсын жайпап өт,
Жан–жаныбар баардыгын.

Бастырмадан өтө жаап,
Баткак болсун көчө жак.
Тыйын чычкан, таш бака,
Тыгылса мейли баткакка.

Чөлдөп турган талаага,
Чөлмөктөтө жаба жаа!
Таңаткыча жаанга,
Дабырап чыксын дагара.

Жаа, жаа, жамгырым!
Жалкоолонбой жаагының.
Жан-жаныбар бардыгын,
Шөмтүрөтүп салгының.





# Топмун, топмун деп бака

Топмун, топмун деп бака,
Ыргып түштү баткакка!
Эртең менен кийгизгөн,
Эмне болду ак жака?

Бак–бак,
Бак–бак, бак, бака,
Ойнобойт балдар баткакка.
Кийимдерин булгабай,
Жүрүшөт дайым таптаза.







# Ичиндеги жөжөсү





Түлкү кетип баратып,
Айды карап ойлонот:
"Оозума келип түшсө ээ,
Жумуртка тиги тоголок.

Күтө берип чарчадым,
Бүгүн күндүн нечеси?
Качан чыгат болду экен,
Ичиндеги жөжөсү?.."

# Козу карын

Калпагы козу карындын,
Карачы сонун жарашып!
Абдан чак өзүнө,
Алалбайсың талашып.

Жактырбасын ким эле,
Жарашып турса кийгенин.
Бирок калпак ичинде,
Башы бар экенин билбедим...







# Эшек

Саат канча, күн батып,
Уясына олтурду?
Десем эшек алты ирет,
Ай-талааны жаңыртып,
Кыйкырыкка толтурду.

Эшөк үнү жаңырып,
Бүткөн кезде жабылып,
Сааттты көрсөк туп–туура –
Алты эле мүнөт жаңылып...

Ачыгын айтсак эшектөй,
Асыл жан жок жандуудa.
Чыдамдуу десең чыдамдуу.
Алдуу десең – алдуу да.

Бир гана анын атыбы:
Эшек болуп калганы.
Алты элө мүнөт узартып,
Айкырып туруп алганы...






Эзн талаа, алыстан
Эчкимдин үнү угулбайт.
Кулагым тосуп тыңшасам,
Кумурска ичи курулдайт...



# Эбим жок

Ар ким көргөн–билгенин,
Айтып езү бергенде.
Каткырышып калабыз,
Каникулдан келгенде.

Сөзгө чебер Арыкбай:
- Жай-жайлата эс алдым,
Көлдө сүзүп балыктай.

Десе айтат Карыпбай:
- Сүзгөнүм жок балыктай.
Бирок тынбай иштедим,
Кетмен чаап талыкпай.

А мен турдум элейип,
Же айтарга кебим жок.
Кандай жанмын түшүнбөйм,
Калп айтканга эбим жок.





## Удургутуп туманды

Бир булут – чал баратты,
Аппак чуда артынган.
Бул эмне десек айтты ал:
- Ак жаан, ак кар – алтын дан.

Жаан жаап акырын,
Турган эле себелеп.
Жайлоонун керкүн чыгарган,
Жайкы жамгыр керемет!

Албырып жүзү жаанга,
Чайынган Ашым кубанды:
- Удургутуп жатам кара,
Колдорум менен туманды.

# Ийнелик



Тээ алыскы тоолордун,
Бери–бери жагында.
Учуп жүрөт ийнелик,
Өзүмдүн эле жанымда.

# Жашыл курт

Жашыл курт жашыл чөптү жеп,
Жапжашыл сонун түш көрөт.
Жанына жашыл күч демеп,
Жапжашыл ишти бүткерет.





Булуттар көчүп жапжашыл,
Жашыл суу ташып төгүлөт.
Баратса дагы жол жашыл,
Бары эле жашыл көрүнөт...

Светофор жапжашыл –
Кызылы менен сарысы...
Кабылбас бекен байкуш ай,
Жол кырсыкка ай ушу?..

# Болобу?



“Мээге чай кайнатпа!”
Дей берет агам Асанбай.
Борщ бышырса болобу?
Баштын ичи казандай.

# Чогу үй-бүлө курганга

Эсепти бирге чыгарып,
Эшекти бирге сугарып.
Эртең менен келебиз,
Экиден чака суу алып.

Отунду биргө алабыз,
Окууга бирге барабыз.
Окшошпуз баардык жагынан,
Ойлогон ой, санаабыз.

Ысак досум экөөбүз,
Ынак жанбыз ете биз.
Чоң окууга буюрса,
Чогуу барып өтөбүз.

Жан досуң менен кыйышпас,
Жашаган биргө жыргал да!
А бирок кийин болбостур,
Чогуу үй-бүлө курганга?..



# Чабалекей

Чабалекей, чабалекей,
Кайчы канат – ачакей.
Кайкып чыгып, учкан кезд
Асман бети чакчелекей...
Чатыр, шыпка уя салып,
Бизге ынак, жөнөкөй.



49433-




Койколоңдоп чуркаган,
Көрдүм коён, башканы...
Кызык экен жыландын,
Жатып алып басканы...



## “Аркан бою”

“Күн менен жер ортосу,
Миң – миллион чакырым”.
Деген сөзгө менин түк,
Жетпей койду акылым.

Атам айтат акырын:
- Айткан сөздү укпайсың.
Аркан бою көтөрүп,
Калганча күн уктайсың.

Ошондо ойлойм: күн – жердин
Ортосу аркан боюндай.
Ашып кетсе аралыгы,
Ош – Бишкектин жолундай.

Чын эле күн - жер ортосу,
Болду экен канча чакырым?
“Аркан бою” деген сөзгө,
Жетпей койду акылым...



# Арча

Акылым жетпейт башкага...
Жылмакай бийик аскада,
Таң калдым дейсиң, таң калдым,
Илинип турган арчага.

Кай убак көрсөң жапжашыл,
Канчада жашы билинбейт.
- Туура миң жыл жашадым,
Туулган күнүм бүгүн дейт.



## Канча Күн бар?

Асмандагы жылдыздын,
Чоң, кичине түрү көп.
Алыс болсо канча алар,
Араң көзгө илинет.



Алыстагы жылдыздар,
Күнден чоң дейт канча миң.
Анда кызык ойлоймун:
Ааламда бар канча Күн?..







# Асман кайдан башталат

Кумурска айтат:
– Мынабу
Жашыл шибер дарактан,
Ашып кетсе кичине эле,
Эки–үч кадам нараактан.

Бүркүт айтат шаңшыган:
– Биз жашаган тоолордон.

Адам чыгып баралгыс,
Айды челген зоолордон.

Айтат дыйкан агабыз,
Күлүп жайнап наз карап:
– Асман менин береги,
Аңызыман башталат.



# МАЗМУНУ


Сыпаа бала ........ 3

Бадырак

Дыйкан болом ........ 4

Чегиртке ........ 5

Жаа, жаа жамгырым ........ 6

Топмун, топмун деп бака ........ 7

Ичиндеги жөжөсү ........ 8

Козу карын ........ 9

Эшек ........ 10

Курулдайт ........ 11

Эбим жок ........ 12

Удургутуп туманды ........ 13

Ийнелик

Жашыл курт ........ 14

Болобу? ........ 15

Чогуу үй-бүлө курганга ........ 16

Чабалекей ........ 17

Жатып алып басканы ........ 18

“Аркан бою” ........ 19

Арча ........ 20

Канча Күн бар? ........ 21

Асман кайдан башталат? ........ 22



# Каныбек Жунушев

Каныбек Жунушев, кыргыздын көрүнүктүү балдар акыны. СССРдин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, Тоголок Молдо сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын элге билим берүүнүн отличниги. Балдар үчүн жазылган поэтикалык он эки китептин автору. Анын чыгармалары көптөгөн чет тилдерге которулуп, кыргыз мектептеринин баардык башталгыч класстарында окутулуп жатат.

К.Жунушевдун негизги адистиги агроном. Бул күндө, ал чыгармачылыгы менен дыйканчылык иштерин айкалыштырып Кочкор районунда үзүрлүү эмгектенүүдө.

**Жунушев Каныбек**
**Бал курсак**

Сүрөтчү З. Мидинова
Редактору А. Кабылова
Сүрет редактору Б. Жайчибеков
Компьютердик калыптоочу А. Анохин
Корректору Г. Сагынбекова

Нускасы 2200
**ЖЧК "Кутаалам"**

## "Китеп дүйнөсүнө саякат"
### Балдар көркөм адабият сериясы

